

БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ
АЗЫК-ТҮЛҮК СИСТЕМАЛАРЫ БОЮНЧА САММИТ 2021

# 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасында туруктуу азык-түлүк системаларын жайылтуу программасы



# 1. Кыргыз Республикасынын азык-түлүк системасынын максаттары жана аларды баалоо

Кыргыз Республикасы - экономикасынын ачыктыгы жогору, соода балансы терс жана бир катар негизги азык-түлүктөрдүн импортуна көз каранды өлкө. Кыргызстан айдоо жер ресурстары чектелүү жана территориясы боюнча бирдей эмес бөлүштүрүлгөн суу ресурстарынын чоң запастарына ээ болгон тоолуу ландшафт менен мүнөздөлөт.

Өлкө акыркы отуз жылдын ичинде бир нече жолу азык-түлүккө байланыштуу чоң кыйынчылыктарды баштан кечирген. Жыйырманчы-кылымдын 90-жылдарында эгемендүүлүккө өтүү процесси экономиканын кескин начарлашынын, жарандардын жакырланышынын жана азык-түлүктүн жетишсиздик шарттарында өткөн. Бул учурда агрардык реформа ишке ашырылып, ал айылдык үй-кожолуктарына негизделген көптөгөн майда чарбаларды түзүү аркылуу азык-түлүк өндүрүшүн калыбына келтирүүгө жана көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк ачкан.

Кыргызстандагы андан кийинки азык-түлүк кризиси 2008-жылдагы дүйнөлүк азык-түлүк кризисинен улам келип чыккан. Дүйнөдө азык-түлүктүн баасы кескин көтөрүлүп, азык-түлүк инфляциясынын жогорулашына жана өлкөдө жакырчылыктын өсүшүнө алып келген. Кийинки жылдары (2009–2011, 2014–2016-жж.) улуттук валютанын арзандашына жана импорттук азык-түлүктөргө болгон баанын өсүшүнөн улам келип чыккан соккуларга байланыштуу, Кыргызстандын ички рыногунда азык-түлүк баалары жогорулаган. Акыркы мезгилдеги эң олуттуу каатчылык 2020-2021-жылдардагы коронавирустук пандемиядан келип чыккан кризис болду: 2020-жылы азык-түлүк инфляциясы 17,6 пайызды түзүп, 2021-жылы өсүүнү улантууда. Кризистин натыйжасында жакырчылык жогорулады. Мындан тышкары, 2021-жылы климаттын өзгөрүүсүнүн жана кырсыктардын кесепетинен азык-түлүк коопсуздугу төмөндөдү.

Азык-түлүк өндүрүүнү көбөйтүү жана калктын аярлуу катмарларын толук кандуу тамак-аш менен камсыз кылуу Кыргызстандын Өкмөтүнүн туруктуу приоритеттерине кирет. Өлкөдө зарыл болгон мыйзамдык база түзүлүп, өлкөнүн өнүгүүсү боюнча документтерге керектүү саясий чаралар киргизилди: мамлекеттик стратегиялар, азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу программалары, азык-түлүк өндүрүү жана тамактануу үчүн айыл-чарба жана ден-соолук программалары. Кыргызстанда азык-түлүк каатчылыгын жеңилдетүү жана азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо боюнча саясий чараларга төмөнкүлөр кирет: негизги азык-түлүктөрдүн баасын жөнгө салуу, жергиликтүү дыйкандардан эгин сатып алуу, калктын аярлуу катмарларына азык-түлүк таркатуу, стратегиялык азык-түлүк запастарын түзүү, дыйкандарга субсидия берүү, азык-түлүктү экспорттоого соода барьерлерин киргизүү жана мектептерде ысык жана толук кандуу тамактануу программасын киргизүү.

### *Азык-түлүк системаларын өнүктүрүү саясаты төмөнкү Туруктуу өнүгүү максаттарын (ТӨМ) өзүнө камтыйт:*







5-максат "Гендердик теңдик" азык-түлүк өндүрүшүндө аялдардын ролун эске алганда маанилүү тема бойдон калууда.



Ошол эле учурда, өлкөдөгү бир катар көйгөйлөр азыркыга чейин чечиле элек. Айыл-чарбалык өндүрүүнүн төмөндүгү каалаган максаттарга жетүүдө негизги тоскоолдук болуп саналат. Айыл чарбанын жай өсүүсүнүн негизги себептерине: майда товардуулук, мал продуктивдүүлүгүнүн төмөндүгү, айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн аз түшүмдүүлүгү, айыл-чарба жерлеринин деградациясы, сугат системасынын начар иштешинен жана эскиришинен улам суу ресурстарынын чектелүүлүгү, инвестициялардын жана жаңы тех-

нологиялардын жетишсиздиги кирет. Айыл чарба, азык-түлүк өнөр жайы жана азык-түлүк сапатынын инфраструктурасы инвестицияларды талап кылат.

Бул көйгөйлөр азык-түлүктүн жеткиликтүүлүгүн, айыл-чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун жогорулоосун, ресурстарды үнөмдөөчү технологияларды колдонуунуну жана азык-түлүктүн туруктуулугун камсыз кылуучу саясатты иштеп чыгууну талап кылат. Саясаттын өзүнчө маанилүү багыты - азык-түлүктү керектөө, ал пайдалуу тамак-аштын экономикалык жеткиликтүүлүгү, айрыкча социалдык жактан аярлуу калк үчүн, жана калктын жергиликтүү органикалык тамак-аштын баалуулугу жөнүндө билими менен байланышкан.







# 2. Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейин азык-түлүк системасынан күтүүлөр

## *2030-жылга чейинки азык-түлүк системасы Кыргызстанга негизги өнүгүү приоритеттерин ишке ашырууга мүмкүнчүлүк бериши керек[1]:*

а) азык-түлүк өндүрүүнү көбөйтүү,
б) азык-түлүк системасын өнүктүрүү үчүн инфраструктура куруу,
в) мамлекеттик башкарууну жакшыртуу,
г) туура тамактанууну жайылтуу, жана ошондой эле,
д) жаратылыш ресурстарын коргоо жана жаңыртуу.

Учурдагы азык-түлүк системасынын негизинде **бардык азык-түлүк түрлөрүн өндүрүүнү** көбөйтүү керектөөнү жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет жана нарк чынжырында азык-түлүк жоготууларынын санын төмөндөтөт. Мында мамлекеттин ролу - кызыкдар тараптар үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, жана ошондой эле улуттук жана импорттук азык-түлүктүн коопсуздугун камсыз кылуу үчүн **азык-түлүк чөйрөсүндө зарыл болгон сапаттуу инфраструктураны натыйжалуу башкарууну** камсыз кылуу болуп саналат. Калктын бардык топтору үчүн азык-түлүктүн жеткиликтүүлүгү өлкөнүн **аймактарын кластердик өнүктүрүү** аркылуу ишке ашырылат, бул азык-түлүк өндүрүшүнүн өсүшүн да, ал жерде жашаган калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну да камсыз кылат.

Областтарды кластердик өнүктүрүү механизми салыштырмалуу атаандаштык артыкчылыктарынын жана инновацияларды киргизүүнүн негизинде экономикалык өсүштүн жергиликтүү зоналары түрүндө жергиликтүү жана улуттук азык-түлүк чынжырларын курууга жол ачат. Кластердик ыкманын алкагында жаратылыш ресурстарын коргоо, климаттын өзгөрүшүнүн таасирин азайтуу, ошондой эле ар бир аймактын өзгөчө шарттарын эске алуу менен экологиялык таза азык-түлүк өндүрүшүн (органикалык айыл-чарба) киргизүү боюнча атайын чаралар ишке ашырылат. Ар бир областта жерлерди, токойлорду жана жайыттарды сактоо жана көбөйтүү планы аткарылат. Климаттын өзгөрүүсүнүн тобокелчиликтерин компенсациялоо жана азайтуу, климаттын өзгөрүшү жөнүндө калкты жана дыйкандарды маалымдоо боюнча чаралар да аймактык принципке негизделет.

Калктын бардык катмарларынын **туура тамактануу** принциптери тууралуу маалымданышын жогорулатуу туруктуу азык-түлүк системасына жетишүүдө негизги ролду ойнойт. Керектөөчүлөргө жана өндүрүүчүлөргө улуттук продукция жана рыноктор, анын ичинде аймактар жөнүндө маалымат берүү өлкөнүн санариптештирүү процесстерин колдоого негизделет. Жергиликтүү бренддерди өнүктүрүү, ошондой эле, калктын улуттук продукциянын жогорку сапатына артыкчылык берүүсүнө басым жасалат.

[1] Берилген документте аны даярдоо учурунда өткөрүлгөн көз карандысыз аймактык жана улуттук талкуулардын жыйынтыктары колдонулган.

Азык-түлүк системасын өнүктүрүүдө **Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлиги** негизги ролду ойнойт. 2030-жылга чейинки негизги максаттар: азык-түлүк системасындагы өзгөрүүлөрдү көзөмөлдөө (азык-түлүк баалары, тышкы азык-түлүк соодасы, климаттык өзгөрүүлөргө байланыштуу көйгөйлөр, эмгек рыногунун тенденциялары жана инновациялары) жана ошого жараша саясат жүргүзүү, жаңы санарип технологияларынын негизинде азык-түлүктүк божомолдоо системасын өнүктүрүү, мамлекеттик заказдар аркылуу ички өндүрүштү колдоо, ички дараметти өнүктүрүү, мамлекеттик башкаруу процесстеринин ачыктыгы жана бюджеттик чыгашалардын отчеттуулугу аркылуу мамлекеттик башкаруунун сапатын жогорулатуу.










# 3. 2025-жылга чейин Кыргыз Республикасынын азык-түлүк системаларынын милдеттери

Кыргыз Республикасынын азык-түлүк системалары өлкөнүн өнүгүү максаттары менен бирге өнүгөт, бул максаттарга айыл-чарба, энергетика, туризм, саламаттыкты сактоо, өндүрүштүн айрым тармактары жана элдин жашоосун жакшыртуу кирет.

**1.** Кыргызстанда **айыл чарбанын натыйжалуулугунун өсүшүн** колдоо максатында, 2025-жылга чейин Агро-өнөржайын өнүктүрүү концепциясынын долбоору иштелип чыкты, бул концепция төмөнкү приоритеттерге жетүүгө багытталган: азык-түлүк коопсуздугу; органикалык айыл чарба; климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу; айыл-чарбаны кластердик өнүктүрүү; айыл-чарба өндүрүшүн санариптештирүү, жаңы технологияларды киргизүү; жаңы сатуу рынокторун түзүү. Бул документте айылдык товар өндүрүүчүлөрдүн өндүрүштүк потенциалынын өсүшү, айыл-чарба өндүрүшүнүн инновациялык ыкмаларын колдонуу, өндүрүүчүлөрдүн агрардык интеграциясын кеңейтүү, финансылык ресурстардын жеткиликтүүлүгү жана стимулдаштыруу аркылуу коюлган приориттерге жетүү боюнча чаралардын комплекси сунушталган.

**2.** Өзгөчө маани экономикалык жана техникалык жардам боюнча чараларды колдонуу менен туруктуу кошумча нарк чынжырларын, кластерлерди түзүү жана кооперация процесстерин стимулдаштыруу аркылуу **айыл-чарба өндүрүүчүлөрүнүн агроинтеграциясын** колдоого берилет. Агроинтеграциялык саясаттын алкагында кайра иштетилген айыл-чарба продукциясынын көлөмүн көбөйтүү, соода жана логистика борборлорун, экспорттук инфраструктураны жана экспорттук товардык коридорлорду кеңейтүү, шайкештик деңгээлин баалоо кызматтарынын жеткиликтүүлүгү жана сапаты, о. э. көз салуу механизмин киргизүү каралат.

**3. Туруктуу керектөө моделдерине** өтүүнүн алкагында негизги роль органикалык айыл-чарба өндүрүшүн жана адал индустриясын кеңейтүүгө берилген. Ошол эле учурда, төмөнкү милдеттер да маанилүү: жергиликтүү деңгээлде азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга жергиликтүү жамааттардын катышуусун жогорулатуу, пайдалуу тамактануу принциптерин жайылтуу, азык-түлүктү байытуу процессин улантуу, жугуштуу эмес оорулардын өсүшүнө алып келген азык-түлүк продуктыларынын жарнагын чектөө, калктын аярлуу катмарлары үчүн сапаттуу тамак-аштын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу жана социалдык жактан аярлуу топторго колдоо көрсөтүү. Жогорудагы чаралар туруктуу керектөө чөйрөсүндөгү абалды бир топ жакшырта алат.

**4. Азык-түлүк системаларынын туруктуулугун** жогорулатуудагы негизги фактор - жер жана суу ресурстарын колдонуу боюнча абалды тез арада өзгөртүү. Бул багытта айдоо жерлерин ирилештирүү, алардын түшүмдүүлүгүн сактоо жана калыбына келтирүү, Айыл-чарба жерлеринин жана жайыттардын мамлекеттик фондуна жер башкаруудагы жаңы ыкмаларды киргизүүгө байланышкан көйгөйлөрдү чечүү пландаштырылууда. Суу ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугунун жо-

горулашы жана жоготуулардын азайышы сугат системасына инвестицияларга, мамлекеттик сугат тармагында жана Суу пайдалануучулар ассоциацияларынын (СПА) тармактарында суу пайдалануунун жакшырышына байланыштуу. Кыргызстандагы суу көйгөйлөрүн чечүү мамлекеттик жана эл аралык өлчөмдө каралат. Экономикалык пайданын жана коңшулук мамиленин негизинде коңшу мамлекеттер менен орток кызыкчылыктарды, ресурстарды сактоо көрсөткүчтөрүн эске алып чечим чыгаруу керек.

**5.** Азык-түлүк системасынын туруктуулугун жогорулатуу кургакчылык, сел жана башка табигый кырсыктар менен байланышкан **соккуларды жумшартуу боюнча чараларды** талап кылат. Айыл-чарбасына зыян келтирүүчү климаттык соккулар климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо чараларын да талап кылат - сугат учурунда сууну үнөмдөөчү технологияларды колдоно баштоо, айыл-чарба жаныбарларынын жана үрөндөрдүн генетикалык потенциалын жакшыртуу, эгин талааларынын структурасын өзгөртүү.

**6.** Товар жеткирүүнүн туруксуздугуна, азык -түлүк инфляциясына, пандемияга, эпизоотияга жана башка күтүлбөгөн жагдайларга байланыштуу болгон **азык-түлүк жетишсиздиги** товар жеткирүү каналдарынын туруксуздугуна жана кээ бир тараптардын абалды кыянаттык менен пайдалануу учурларына алып келет. Бул кыйынчылыктарды мамлекеттик органдардын, жергиликтүү бийликтин, айыл-чарба өндүрүүчүлөрүнүн жана соода ишканаларынын **биргелешкен** аракеттери аркылуу чечүү пландаштырылууда.





# 4. Азык-түлүк тутумунун кызыкдар тараптарынын биргелешип иштеши

Кыргызстандагы азык-түлүк тутумунун негизги кызыкдар тараптарына: азык-түлүк өндүрүүчүлөр, кайра иштетүүчү ишканалар, айыл чарба өндүрүшү үчүн товарларды жеткирип берүүчүлөр жана кызмат көрсөтүүчүлөр, керектөөчүлөр жана ошондой эле мамлекеттик сектор[2] менен туура тамактануу жаатында алектенген жарандык коомдун өкүлдөрү кирет (1 -сүрөт). Бул багыттагы негизги максат - кызыкдар тараптардын ортосунда бекем мамилени түзүү. Жалпы аракеттерге тоскоол болгон бир катар көйгөйлөр бар, аларга: мамлекеттик кызматкерлердин билиминин жана көндүмдөрүнүн жоктугу, коррупция, ачыктыктын жоктугу жана кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарынын дал келбеши, мамлекеттик органдардын көзөмөлүнүн жана отчеттуулугунун жетишсиздиги, мамлекеттик органдардын жеке өндүрүүчүлөрдүн жана жарандык коомдун өз ара аракеттешүүсүнүн жоктугу кирет. Азык-түлүк  системасынын айрым катышуучуларынын арасында жогорку деңгээлдеги ишенбөөчүлүк жана курч атаандаштык бар.

Биргелешкен аракеттердин зарылдыгы төмөндөгү чараларды ишке ашырууну талап кылат: мамлекеттик кызматкерлердин потенциалын жогорулатуу; мамлекеттик органдардын ишинин ачыктыгын камсыз кылуу; мамлекеттик органдар, жарандык коом жана жеке өндүрүүчүлөр ортосунда талкуу аянтчасын түзүү; бардык кызыкдар тараптардын диалогу аркылуу чечим кабыл алуу механизмин түзүү; азык-түлүк  продуктыларын өндүрүү жана жайылтууда нормалар менен эрежелердин сакталышына көзөмөлдү күчөтүү; МЖӨнү ишке ашыруу, жеке жана донордук каражаттарды азык-түлүк  системасына тартуу; калкты маалыматтандырууга жана калктын азык-түлүк  системасынын иши боюнча активдүү пикирге ээболуусун мотивациялоого инвестиция кылуу.
Бардык кызыкдар тараптардын түпкү максаты – климаттык өзгөрүү шарттарында айлана-чөйрөгө азыраак зыян келтирген, адилеттүү тараттуу системасында жакшы сапаттагы оптимизацияланган ар түрдүү жана коопсуз, сапаты мыкты, азыктык баалуулугу жогору азык-түлүктү тамакка колдонуу.

***1-сүрөт. Кыргызстандагы өндүрүш системаларынын кызыкдар тараптары***






[2] Негизги министрликтер - Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлиги, Саламаттыкты сактоо жана Социалдык өнүктүрүү министрлиги, Билим берүү жана илим министрлиги, Экономика жана Финансы министрлиги, Өзгөчө кырдаалдар министрлиги.



# 5. 4. Жайылтуу программасы менен башка пландоо документтеринин ортосундагы байланышты камсыз кылуу

Азык-түлүк тутумдарынын туруктуулугун камсыздоо программасы менен башка программалык документтердин ортосундагы байланышты камсыздоо эки багытка ээ - ички жана тышкы. Ички багытта милдеттердин жана чаралардын биринчи тобу азык-түлүк тутумунун туруктуулук программасын жана өлкөнүн, тармактык өнүктүрүү программаларынын максаттарынын, милдеттеринин жана индикаторлорунун шайкеш келүүсүн камсыз кылууга багытталат. Негизги документтерге: Кыргыз Республикасынын 2025-жылга чейинки агрардык өнүгүү концепциясынын долбоору, 2023-жылга чейинки азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу программасы, негизги мамлекеттик органдардын тармактык стратегиялары, жана ошондой эле чакан жана орто ишкердикти өнүктүрүү боюнча программалык документтер кирет.

Милдеттер менен чаралардын экинчи тобу азык-түлүк системаларынын туруктуулугун жана өндүрүмдүүлүгүн камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдардын иш-аракеттерин координациялоону камсыз кылган ченемдик документтерди жакшыртууга багытталат.

Милдеттер менен чаралардын үчүнчү тобу азык-түлүк тутумдарынын туруктуулугун камсыздоо көйгөйлөрүн чечүүчү бардык мамлекеттик органдардын отчеттуулук системасын жакшыртууга жана мониторинг системасынын туруктуулугун тереңирээк баалоо жана аны башкарууну натыйжалаштыруу боюнча саясат чараларын иштеп чыгуу үчүн мониторинг жана баалоо системасын жакшыртууга багытталат.

Милдеттер менен чаралардын төртүнчү тобу азык-түлүк системаларынын туруктуулугун камсыз кылууга байланышкан максат жана процесстердин жалпы тармагынын алкагындагы маселелерди чечүүнү көзөмөлдөө жаатында мекемелердин, биринчи кезекте Азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу кеңешинин жана алардын механизмдеринин активдүүлүгүн жана натыйжалуулулугун жогорулатууга багытталат.

Милдеттер менен чаралардын бешинчи тобу мамлекеттик бюджеттен экономиканын тармактары жана ведомстволоруна бөлүнгөн азык-түлүк системаларын каржылоо системасын жакшыртууга багытталган.

### *Улуттук деңгээлде аныкталган салымдар төмөнкүлөрдү камтып түзүлүшү керек:*

- *Чечүү зарыл болгон маселелерди жана 2022–2025 -жылдарга жана 2030-жылга чейин күтүлгөн натыйжаларды камтыган, жыл сайын мамлекет тарабынан азык-түлүк системаларын өнүктүрүү максаттарына багытталган финансылык ресурстардын планы.*
- *Макулдашылган жана координацияланган мамлекеттик өнүктүрүү программалары аркылуу азык-түлүк системасын колдоо боюнча чаралардын тутуму.*

- *Жарандык секторду, жеке ишкердикти жана азык-түлүк өндүрүүчүлөрдү биргелешкен аракеттерге, талкуулоого жана аларды мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу процессине тартууга багытталган финансылык эмес аракеттер.*
- *Акыркы баскычта Бириккен Улуттар Уюмунун Туруктуу Өнүгүү Максаттарына жетүүдө кызматташуу боюнча алкактык программасы аркылуу координация зарыл болот.*

---

Иштин тышкы векторунун максаты - Кыргыз Республикасынын азык-түлүк системасынын туруктуулугун жана өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чараларга эл аралык колдоо тартуу. Ар бир донор (өнүктүрүү уюму) мандатка, башкача айтканда, буга чейин дүйнөлүк деңгээлде бекитилген аракеттердин жана чаралардын көлөмүнө ээ болот. Иштин көптөгөн багыттарынын жана принциптеринин маанилүүлүгүнүн приоритеттери ТӨМ максаттарында чагылдырылган. Кыргызстан үчүн биргелешкен аракеттерди координациялоо жана тажрыйбаларды, алдыңкы көндүмдөрдү үйрөнүү, изилдөө жана практикага киргизүү үчүн зарыл болгон пилоттук ыкмаларды илгерилетүү аркылуу донорлор менен натыйжалуу иштешүү ыкмасын иштеп чыгуу өтө маанилүү. Бул жол менен кошумча каржылоону, техникалык жана эксперттик колдоону тартуу, натыйжалуу стратегияларды, инновацияларды жана алдыңкы дүйнөлүк тажрыйбаны иштеп чыгууда колдоо алуу мүмкүн болот.







# 6. Жайылтуу программасынын негизги мөөнөттүк чектери

| | 2021 | 2022-2025 | 2025-2030 |
|---|---|---|---|
| Агрардык тармакты өнүктүрүү концепциясын иштеп чыгуу жана кабыл алуу | Күз 2021 | | |
| Координацияланган өнүктүрүү программаларын, анын ичинде ведомстволор аралык милдеттенмелерди жана биргелешкен аракеттерди гармонизациялоо | Күз-кыш 2021 | | |
| Кызыкдар тараптардын деталдуу иш планы, анын ичинде мониторинг жана баалоо көрсөткүчтөрүнүн системасы | Күз-кыш 2021 | | |
| Мамлекеттик деңгээлде аныкталган салымдар | Кыш 2021 | | |
| Айыл-чарба тармагын 2022–2025-жылга чейинки өнүктүрүү концепциясын ишке киргизүүнү баштоо | | 2022 | |
| Саясий чаралардын комплексин, жамааттык иш-аракеттерди ишке ашыруу | | 2022-2025 | |
| Улуттук салымдар боюнча ийгиликтерди баалоо | | 2025 | |
| Саясий циклди кайталоо: каталарды жана алынган сабактарды, ийгиликтүү чечимдерди, жетишилген натыйжаларды талдоо, талдоонун негизинде 2026-2030 жылдарга жаңы саясат циклин иштеп чыгуу | | 2025 | |
| 2030-жылга чейин жаңы туруктуу азык-түлүк ситемаларын түзүү программасын иштеп чыгуу, кабыл алуу жана ишке ашыруу | | | 2026-2030 |

